Click here to buy ABBYY PDF Transformer 2.0 www.ABBYY.com

УДК: 821:82-32 DOI: 10.35803/1694-5298.2021.1.53-56

**КЕЛДИБЕКОВА Ж.К.**

КРУИАнын
Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту, Бишкек, Кыргыз Республикасы
Институт языка и литературы им. Ч.Айтматова НАН КР, Бишкек, Кыргызская Республика

**KELDIBEKOVA ZH.K.**
[1]Institute of Language and Literature named after Ch.Aitmatov NAS KR, Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: zhibek.keldibekova@mail.ru

# Ж.ЖАПИЕВДИН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕГИ ТЕМАТИКАЛЫК-ПРОБЛЕМАТИКАЛЫКЖАНА СЮЖЕТТИК-КОМПОЗИЦИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

# ТЕМАТИКО-ПРОБЛЕМНЫЕ И СЮЖЕТНО-КОМПОЗИЦИОННЫЕОСОБЕННОСТИ РАССКАЗОВ Ж. ЖАПИЕВА

# THEMATIC-PROBLEMATIC AND PLOT-COMPOSITIONAL FEATURES OF THESTORIES OF ZH. JAPIEV

*Макалада таланттуу жазуучу Жылкычы Жапиевдин “Кусалык”, “Соң-Көлгө барабыз”, “Тагдыр” ангемелеринин тематикалык-проблематикалык жана сюжеттик- композициялык өзгөчөлүктөрүн талдоого аракет кылдык. “Тагдыр” аңгемесинин каарманы “мен” аркылуу мезгилдин кийинки каармандарын чебер, жумшак юмор менен таамай тартып, сынга алган. Автордун чыгармада образ аркылуу социалдык кайдыгерликти, позициясыздыкты, жалкоолукту ашкере сүрөттөгөн.*

***Өзөк сөздөр:*** *тагдыр, мүнөз, тематика, турмуш, пародия, «мен», кусалык, сөз.*

*В статье мы попытались проанализировать тематико-проблемные и сюжетно- композиционные особенности рассказов талантливого писателя Жылкычы Жапиева “Тоска” (“Кусалык”), “Поедем на Сон-Куль” (“Соң-Көлгө барабыз”), “Судьба” (“Тагдыр”). Герой рассказа “Судьба” через своё авторское “я” с мягким юмором, мастерски рисует “героев нашего времени”, критикуя их. Образом своего героя автор критикует социальное равнодушие, отсутствие гражданской позиции, леность души.*

***Ключевые слова:*** *судьба, характер, тема, жизнь, пародия, «я», ностальгия, слово.*

*In the article we tried to analyze the thematic-problematic and plot-compositional features of the stories of the talented writer Zhylkychy Japiev “Nostalgia” (“Kusalyk”), “Let's go to Son- Kul” (“Son-Kolgo barabyz”), “Fate” (“Tagdyr”) . The hero of the story "Fate" through his author's "I" with gentle humor, skillfully draws "heroes of our time", criticizing them. In the image of his*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*hero, the author criticizes social indifference, lack of civic position, laziness of the soul.*

***Key words:*** *fate, character, theme, life, parody, "I", nostalgia, word.*

Көркөм адабият – ал адамдын өмүрүн, ишин баяндаган, ички дүнүйөсүн, мүнөзүн, кыял-жоругун ачкан, кебете-кешпирин элестеткен, айтор бардык жагынан адамдык касиеттерди эң кылдат, чебер, элестүү сүрөттөө менен кайра адамдын өзүнө тарбия таалим берүүчү, адамдын өзүн эмгекке шыктандырып, ыплас, терс, жаман иштерден сактантып, жакшы, асыл иштерге шыктандырып, ага шексиз жетүүгө чоң үмүткөр кылып, ошону менен адамдын ой-сезимин ойготуп, аны мемиретип, жыргатып, анын көңүлүн көтөрүп, ага акыл, ой кошуп, дайым жакшылыкка баштап жүрүүчү кеменгердиктин милдетин аткарган асыл

курал! Ошондуктан, биз чыгарманы анын темасына, анын мазмундуулугуна, элдик ширелүү бай тил менен көркөм, чебер сүрөттөлүшүнө, маани туудурган ойду эргиткен көркөмдүүлүгүнө карай баалайбыз. Албетте, мында бирден бир улуу милдеттерди алып жүргөн чыгармачылык каармандар адамдын өмүрүн баяндап, элесин ачат. Чыгармада камтылган сюжеттик-композициялык өзөктөр негизги идеялар, окурмандын психологиялык абалына да өз таасирин тийгизет.

70-80-жылдары жарык көргөн повесттер, аңгемелер жалпы улуттук адабиятыбызда жүрүп жаткан тымызын процесстерди, негизги тенденцияларды аздыр-көптүр мүнөздөй алат. Алардын ичинен алымдуусу, адамдын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүүнүн жана аны таасын, элестүү сыпаттап чагылдыруунун бирден бир, күчтүү куралы чыгармадагы психологизм тенденциясы.

Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары адабият чөйрөсүнө аралашкан калемгерлердин бири Жылкычы Жапиевдин бул багыттагы аңгемелери “айыл жыттанган” жөнөкөй, ичинде кири жок карапайым калктын ой-максатына кайрылып, аң-сезимине анализ жасоо менен өзгөчө.

Буга чейин жазуучу Жылкычы Жапиевдин чыгармаларына илимий жактан баа берилген эмес. Ошентсе да адабиятчы М.Жумаевдин “Өткөөл мезгилдеги кыргыз прозасынын тенденциясы” аттуу докторлук ишинин биринчи бөлүмүн аңгеме жанрынын өнүгүүсүнө арнап, анда Ж.Жапиевдин чыгармачылыгына токтолгон. Андан соң, кыргыз адабиятынын тарыхында Ж.Жапиевдин портрети берилип, аңгемелериндеги идеялык- тематикалык белгилер баса белгиленген. Биз сөз кылчу “Кусалык” (1981) аңгемесинде тематикалык-проблематикалык функциясы айыл темасынан алыстап, шаардагы карылыкка моюн сунган адамдын жашоосу баяндалат.

Шаар турмушу. Шаардын төрт-беш маданий багы бар. Кемпир кайсынысында кандай оюн-зоок болоорун күн мурунтан билет. Ал жерлрге дайым барып, кайсы оюн кайсы маалда башталаарын жазбай билет. Ал жерден өзү курдуу абышканы кезиктирди. Күндө анын барышын күтөт, ал келбесе кылчактап, оюнун баары башка жерде болот эле. Сүйлөп жатканда жүзү нурданып, көздөрү күлмүңдөп, кыз кыялдын бир жышааны тамчылап турар эле. “Гришаны көргөн жоксуңбу”, деп кошунасына чейин издеп жүрдү. Бир күнү ал кошунасы көрбөсө да кемпирдин көңүлү үчүн көрүп, салам айтканын угуп, ого бетер андан бактылуу адам жоктой. Ошондой кийин кошуналарынан көп сурачу болду. Абышканы издеп, бакка да далай барып жүрдү, бирок таптакыр жолуктурбай койду. Мүнөзү түнт тартып, мурдагы тамашасынын бири жок. Көрсө Генадий Павлович катуу ооруп, кызы башка шаарга алып кетип, ошол боюнча кайтыш болгонун угуп, шаабайы сууду. Ал эми кемпирдин да ден соолугу начарлап, кийин бакка да барбай калды. “Балким өз

ичинен көөнөрбөс сезим менен ойлоп жаткандыр тынч албай. Эмнеси болсо да кусаланып сагынганы анын бырыш баскан жүздөрүнөн билинип турду" [1].

Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романында да карылыккка моюн сунган тоодогу Жаабарстын жалгыздыгы да аңгемедеги кемпирдин образына окшош. Адам баласынын жашоосу күтүлбөгөн кырдаалдарга, окуяларга жык толгон. Бирде адам маңдайы жарыла сүйүнүп, кубанычы койнуна батпай бакытка балкып турса, бирде кайгыдан баш көтөрө албай, бүткүл жарык аалам караңгы көрүнүп, түнөрүп турган учурлар болот. Ошол сыяктуу эле бир кездери Арсен да, Жаабарс да эң бактылуу көз ирмемдерди баштарынан кечиришкен, чоң сүйүүгө жолугушуп, анын бакытына балкышкан. Бирок бул бакыттары көпкө созулбастан сүйгөндөрүн көз көрүнөө тарттырып жиберишти, бат эле жан шериктери алардан терс бурулуп кетишти. Адамдын жан-дүйнөсүн табиятка салыштырган чыгарманын өзгөчөлүгүнө казак илимпозу Г. Каламкастын пикирин келтирсек: "Трагедия духа человеческого – это трагедия гор: горы падают, разрушаются, так же как падает, деградируетчеловек!" [4].

Жогоруда биз сөз кылган Ж.Жапиевдин "Кусалык" (1981) аңгемесиндеги башкы каарман да өз сүйүүсүнөн заматта кур калып, кусалыктын кейпин кийип жашап калды.

Жашы өткөн, улгайган каармандарга эки автор тең "кылдат" мамиле кылып, аярлайт. Кызыгы, сүйүү сезими адамдын жашына карабай, кайсы убак болбосун тирүү жандын сезимине канатташ болуп, эриш-аркак жүрө берерин чыгармадагы образдардан баамдасак болот.

70-80-жылдардын прозасында идеялык-тематикалык проблематикасы боюнча, көркөм-эстетикалык ачылгасы боюнча жаңычыл чыгармалардын миссиясына адамдын ким экендиги, адептик, рухий дүйнөсү сыяктуу жашоо маселесине арналган чыгармалар түзөт. Каармандын мүнөзүн өзгөчөлөнтүп түзүү, жашоонун мыйзамы жана адамдын тагдырынын татаалдыгы, чечкиндүүлүк, адамкерчилик ж.б. ушу сыяктуу көрүнүштөр реалдуу өздөштүрүлүп, кыргыз элинин турмушунун бир жагы жеткиликтүү, ишенимдүү сүрөттөлгөндүгү менен башкалардан бөлүнүп турат. Кыргыз интеллигенциясынын жашоо образын, түйшүктүү эмгегин көрсөтүүнү максат кылган бир топ чыгармалар жаралды.

"Кийинки жылдары өлкөнүн коомдук турмушундагы жаңылыктары адабий процесстин жүрүшүнө маанилүү өзгөрүүлөрдү кийирди. Адабияттын социалдык-нравалык проблемалары жана тематикалары гана кеңейбестен, турмушту изилдөөнүн принциптери, чыгармалардын жанрдык көп түрдүүлүктөрү да байыды" [7].

Ала-Тоо журналында (1985-1986) аңгемелердин сапаттык деңгээлин көтөрүү максатында талкуу уюштурулуп турган. Анда сөзгө алынган Ж.Жапиевдин "Көк жээк" (1984) жыйнагындагы "Тагдыр" аңгемесинин каарманы "менге" берилген баалардын стилдик ар түрдүүлүгү болбосо, ой жалпысынан окшош. Адабиятчы Э.Шамшиев аны өз мезгилинин активдүү адамы катары мүнөздөйт. «Тагдыр» аңгемесинин башкы каарманы «менди» мезгилдин маанилүү белгилерин алып жүргөн социалдык активдүү каарман катары сыпатталган. Аныгында «мен» социалдык активдүү каармандын катарына коошпойт. Сыртынан караганда идеялуудай таасир калтырганы менен аныгында аракетсиз, кыялкечгана адамдын бири. Бул жагынан алганда санаасы менен нечендеген иштерди аткарган орус адабиятындагы көрүнүктүү образ Обломовду эске салат. Обломовду эч ким, идеалдык каарман, бериси болгондо оң каарман катары санашпаса керек. Ж.Жапиев «Тагдыр» аңгемесинин каарманы «мен» аркылуу мезгилдин кийинки обломовдорун,

обломовчулукту чебер, жумшак ойлонтуучу юмор менен (интеллектуалдык юмор менен десе болчудай) сүрөтүн таамай тартып, сынга алган. Мындайча айтканда, ал каарман аркылуу социалдык кайдыгерликти, позициясыздыкты, шартка ыңгайлашуунун кесепеттерин чагылтат.

“Көркөм чыгарма мозаика сыяктуу болуусу керек. Аны кай тарабынан айланып карабагын, ал бардык тарабынан көркөм, терең маанилүү болуусу керек, турмуштун негизинде жазылган чыгарма да окурманга ошондой маанай түзгөндөй болуш керек”, [5] – деп адабиятчы А. Кадырманбетова белгилегендей, аңгемедеги “мен” турмуш чындыгынан алынып, азыркы жалкоо, алга умтулууга моюну жар бербеген аракетсиз, сөзү менен иши дал келбеген, көңүлкош адамдын натурасы берилген.

Биз сөз кылган «мен» эмен жыгачтарынын көчөттөрүн алып келип берчи деген багбандын өтүнүчүнө «караштырып көрөйүн» деп коюп эки жыл «качат». Акыры кур сөзгө тажаган багбан аны үйүнө ээрчитип келип, “ооз уялар» кылып, жүктүн бурчунан арагын сууруп чыгып, «зып» эткизет. Натыйжа баягы. Шамалей жана «мен» таптакыр карама-каршы орбитадагы адамдардын типтери. “Автор чыныгы мээнеткечке турмуштук көз-карашы боюнча гана айрым жагынан (негизинде ой жагынан) үндөштүккө ээ, бирок граждандык активдүүлүгү боюнча, практикалык натыйжалары боюнча кескин айырмалуу – индивидуумдарды жалпылаштыра сүрөттөөнүн объектиси кылып алган. Мүнөздөр, практикалык иштер контрасттуулугун так ажыратуу менен аңгеменин башкы каарманы Шамалей экендигин, анын иши экендигин, негизги идеясы обломовчулукка келишкис күрөш экендигин туюуга мүмкүндүк ачат” [3].

Адабиятчы М. Жумаевдин аныктамасы боюнча кыргыз аңгемесиндеги обломовдук типтеги образга жатат: “Биздин оюбузча "мен" советтик коомдогу социалдык кайдыгерликти турпатына сиңирген, сөз менен иштин дистанциясын жуутпаган, тактаганда обломовчулук сапаттарды алып жүргөн мезгилдин типтүү каарманы. Аны автор интеллектуалдуу юмор менен тартып, аңгеменин башка каарманы эмгекчил, мээнеткеч Шамалейге антипод койгон. Советтик мезгилдин духуна көнгөн кабыл алуу автордун юморун түшүнүүнүн ордуна, патетикалык сөздөрдү реалдуулук сыңары баалап, ишеним артылып, "мендин" натурасы позитивдүү каралган. Турмуштагы адам мүнөзүнүн татаалдыгын, сөз менен ишинин натыйжасын түз сызыктуу чагылтпаган Ж.Жапиевдин аңгемеси кыргыз аңгеме жанрынын изденүү ийгилигин, көркөм концепциясындагы сапаттык өсүштү айгинелейт” [2].

Чебер жазуучу Жылкычы Жапиевдин "Айыл баяны" (1987) жыйнагындагы "Аманат", "Эски тегирмен, ""Ыйман" сыяктуу аңгемелеринде адамзаттык маанилүү тушүнүктөр көркөм таасирдүүлүктө чагылганы менен "Кек" аңгемеси Т.Сыдыкбековдун ушундай аталыштагы (Т.Сыдыкбеков. Ала-Тоо. – 1985. – №11) чыгармасына сюжеттик жактан окшош. Балким андан таасирленип жазгандыр. Мындай окшоштук О.Айтымбетовдун ("Жымжырт шаар") М.Мамазаированын ("Балдар жалгыз калганда") аңгемелеринен учурайт. Адабиятчы Б.Шамшиев Ж.Жапиевдеги ушундай окшоштукту: Автордун “Соң-Көлгө барабыз” аңгеме- пародиясына объект катары калемдеши К.Жусубалиевдин жазуу манерасын алган," — деп белгилеген [6].

“Соң-Көлгө барабыз” аңгемеси пародиялуулугу менен, тагыраагы жазуучу К.Жусубалиевдин чыгармачылык стилиндеги айрым оң жана терс көрүнүштөрдү көрсөтүп бергендиги менен окумдуу эмес, анда Ж.Жапиевдин айтайын деген ою бар жана ошол максатына жеткен өзүнүн чыгармасын жарата алды. Пародиянын зарылдыгы ушунча бышыпжетилген азыркы кыргыз

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

адабиятында ийгилик менен кайтышы анын таланттуу калемгер экенинен кабар берет. “Кусалык” аңгемесинин тематикалык-проблематикалык өзөгүндө да адам мүнөздөрү кыйла жандуу, ишенимдүү тартылат. Ал эми “Ырчы” аңгемеси чыгармачыл адамдын табиятын издеген өзүнчө бир прозалык ырга окшоп кетет. Жазуучунун аңгемелериндеги изденүүлөрү, ийгиликтери көзгө чалдыкпай койбойт. “Туулган күн” аңгемесинде карапайым адамдын турмушунда революциянын, Лениндин, орус элинин тийгизген таасирин көрсөтүүгө аракет жасалган.

Жалпылап айтканда, таланттуу жазуучу Жылкычы Жапиевдин чыгармачылык жолу 70-80-жылдары өсүп-өнүккөн. Аңгемелериндеги айтайын деген ою образ аркылуу социалдык кайдыгерликти, позициясыздыкты, жалкоолукту ашкере сүрөттөгөн.

Ж.Жапиевдин чыгармаларынын тематикалык өзгөчөлүгү – карапайым айылдык адамдардын кыял-мүнөзүн, жалпак тил менен жеткиликтүү деңгээлде чагылдырат жана аңгемелериндеги негизги проблемасы окурманды адамгерчиликке, жөнөкөйлүккө, коомдо өз ордун таап, “адам” деген бийик атка татыктуу жүрүүсүнө шыктандырып, тарбиялайт. Ошондуктан, азыркы тапта дагы чыгарма сүйүүчүлөрдүн көңүлүнөн орун алып, аңгеме жанрынын сапаттык жактан өсүшүнө өз салымын кошуп келүүдө.

**Адабияттар тизмеси**


1. Жапиев Ж. Кусалык. [Текст] / Ж.Жапиев. – Ленинчил жаш. – 1981, 21-март.
2. Жумаев М. Өткөөл мезгилдин адабий процессиндеги кыргыз прозасынын тенденциясы. [Текст] / М.Жумаев: фил. илим. доктору., авторефераты. 10.01.01. / КУУ., –Б.:2014. – 41-42-бет.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. X том [Текст]. –Б.: 2017. – 297 б.
4. Каламкас Г. Мифопоэтическая символика гор в казахской и русской литературе XXвека [Текст]: автореф. дис канд. филол. наук: 10.01.02 / Г.Каламкас. – Алматы., 2009. – 20-с.
5. Кадырманбетова А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. [Текст] / А.Кадырманбетова. – Бишкек, 2009. – 130 б.
6. Шамшиев Б. Жаңы жээкти карай [Текст] /Э.Шамшиев. // Ала-Тоо. – 1986. - №1. –133-бет.
7. Үкүбаева Л. Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн маселелери [Текст]: илимий макалалар / Л.Үкүбаева. – Б.: Турар, 2019. – 87-б.